**Кубаныч САТАЕВ - ТУУЛГАН КҮН**

с. Жылдызбек Турсунбаев
о. Кубаныч Сатаев

Жаштык кезиң булбул болуп сайраган,
Жүрөк толкуп кубанычтан жайнаган.
Бир жылда бир курчап турган бакытка,
Бүгүн мына туулган күнүң кайрадан.

***КАЙЫРМА:***
***Куттуу болсун – туулган күнүң,***
***Күткөн өздүк майрамың!***
***Кайгы билбей бул жашоодо,***
***Күлүп, ойноп, жайнагын.***
***Ойноп, күлүп, жайнагын!***

Аалам жарып ыңаалаган үнүңдөн,
Ата-энең жетине албай сүйүнгөн.
“Бир наристе биздин үйгө келди!”, - деп,
Бир туугандар сүйүнчүлөп жүгүргөн.

***КАЙЫРМА:***
***Куттуу болсун – туулган күнүң,***
***Күткөн өздүк майрамың!***
***Кайгы билбей бул жашоодо,***
***Күлүп, ойноп, жайнагын.***
***Ойноп, күлүп, жайнагын!***

Келген элден белек алып, бата алып,
Калоо-тилек айтып көңүл тазарып.
Узак өмүр сүрүп жашыл арчадай,
Ушул бойдон кала бергин жашарып.

Жакындардын үйгө толуп белеги,
Жакшылыктын түгөнбөсүн ченеми.
Ар жыл сайын гүл көтөрүп өзүңө,
Ак тилектен калоо айтып келели.

***КАЙЫРМА:***
***Куттуу болсун – туулган күнүң,***
***Күткөн өздүк майрамың!***
***Кайгы билбей бул жашоодо,***
***Күлүп, ойноп, жайнагын.***
***Ойноп, күлүп, жайнагын!***